


Чолпонбай Тулебердиев.

open.kg
Открытый Кыргызстан

# ЧОЛПОНБАЙ ТУЛЕБЕРДИЕВ.



Кыргыз элинин кыраан уулу Чолпонбай Түлөбердиев 1922-жылы Кыргыз ССРинин Талас облусундагы Киров районуна караштуу Чымкент кыштагында туулган. Эр жеткенде комсомолго өтүп, колхоздун түрдүү жумуштарында иштеген. 1941-жылы сентябрь айында аскерге чыкырылат. 1941-жылы согушка кирет.



Чолпонбай Түлөбердиев Гитлердик баскынчылар менен болгон айыгышкан кармашта Воронеж облусундагы Георгиу-Дежский районундагы Селявный кыштагын бошотууда 1942-жылы 6-августта душмандын амбразурасын (пулеметтон ок чачып турган дзотту) денеси менен жаап, баатырдык менен курман болгон. Мындай эрдиги үчүн Чолпонбай Түлөбердиевге 1943-жылы 4-февралда Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилген.




1943-ЖЫЛЫ 23-ФЕВРАЛДА ЖООКЕР АЛЕКСАНДР МАТРОСОВ ДА ПСКОВ ОБЛУСУНУН ЛОКИЯНСКИЙ РАЙОНУНДАГЫ ЧЕРНУШКИ КЫШТАГЫН БОШОТУУДА ЧОЛПОНБАЙ ТҮЛӨБЕРДИЕВДИН ЭРДИГИН КАЙТАЛАП, ДУШМАНДЫН АМБРАЗУРАСЫН ДЕНЕСИ МЕНЕН ЖААП КУРМАН БОЛОТ. 1943-ЖЫЛЫ МАРТ АЙЫНДА А. МАТРОСОВГО СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЫ ДЕГЕН НААМ БЕРИЛЕТ.



КЫРГЫЗДЫН УУЛУ, КАТАРДАГЫ ЖООКЕР ЧОЛПОНБАЙ ТҮЛӨБЕРДИЕВ ДУШМАНДЫН АМБРАЗУРАСЫН 6-АВГУСТА ДЕНЕСИ МЕНЕН ЖААП КУРМАН БОЛГОНДОН ЖЕТИ АЙДАН КИЙИН АНЫН ЭРДИГИН "ОРУС УЛУТУНДАГЫ" ЖООКЕР АЛЕКСАНДР МАТРОСОВ КАЙТАЛАГАН. БИРОК ОШОЛ МЕЗГИЛДЕ КОМПАРТИЯНЫН ИДЕОЛОГДОРУ ОРУС УЛУТУНДАГЫЛАРДЫ БАРДЫК ИШТИ БАШТООЧУ КАТАРЫ КӨРСӨТҮП ТУРГАН. ОШОНДОН УЛАМ ДУШМАНДЫН АМБРАЗУРАСЫН ДЕНЕСИ МЕНЕН ЖААП, КУРМАН БОЛГОН ЖООКЕРЛЕРДИ (АНДАЙЛАР СОГУШ БАШТАЛГАН АЛГАЧКЫ КҮНДӨН БАШТАП КӨП ЭЛЕ БОЛГОН) МУРДАГЫСЫН ДА, КИЙИНКИСИН ДА ОРУС УЛУТУНДАГЫ КАТАРДАГЫ ЖООКЕР "АЛЕКСАНДР МАТРОСОВДУН ЭРДИГИН КАЙТАЛАДЫ" ДЕП БАРДЫК БАСМА СӨЗ КАРАЖАТТАРЫНДА, РАДИОДО БАЙМА-БАЙ КАЙТАЛАНЫП ТУРГАН. КИЙИНЧЕРЭЭК СОГУШТУК МЕМУАРЛАРДА, ӨЗҮНЧӨ ЧЫККАН КИТЕПТЕРДЕ ДА АЛЕКСАНДР МАТРОСОВДУН ЭРДИГИН КАЙТАЛАГАНДАРДЫН АРАСЫНДА ЧОЛПОНБАЙ ТҮЛӨБЕРДИЕВ ДА БАР ЭКЕНДИГИ ЖАЗЫЛГАН.






ЧОЛПОНБАЙ ТУЛЕБЕРДИЕ 6-АВГУСТ 1942 ЖЫЛЫ БУЛ ДУЙНОДОН КАЙТКАН.